**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин 8- чакырылышынын кезектеги 14- сессиясынын

# Т О К Т О М У

23.12. 2025-жыл № 14-1 Араван айылы

**“Араван Жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан кыш мезгилинде мамлекеттик, муниципалдык ишканаларга жана көп кабаттуу үйлөрүнүн тургундарын жылуулук менен камсыздоодо аткарып жаткан иштери жөнүндө**

“Араван Жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан кыш мезгилинде мамлекеттик, муниципалдык ишканаларга жана көп кабаттуу үйлөрүнүн тургундарын жылуулук менен камсыздоодо аткарып жаткан иштери боюнча муниципалдык ишканасынын башчысы С.С.Масардиновдун маалыматын угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү мыйзамынын 27-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Араван Жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан кыш мезгилинде мамлекеттик, муниципалдык ишканаларды жана көп кабаттуу үйлөрүнүн тургундарын жылуулук менен камсыздоодо аткарып жаткан иштери жөнүндө муниципалдык ишканасынын башчысы С.С.Масардиновдун маалыматы эске алынсын.
2. “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасына кыш мезгилинде Мамлекеттик, муниципалдык ишканаларга жана көп кабаттуу үйлөрүнүн тургундарын жылуулук менен үзгүлтүксүз камсыздоодоосу тапшырылсын.
3. Айыл аймагынын М.Султанов жана Б.Айдаров көчөлөрүндө жайгашкан көп кабаттуу үйлөрүнө жылуулук берүүдө батирлерин борбордук жылытуу тутумуна туташтыруу иштерине каражат ажыратуу жагы “Араван жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасынан суралсын.
4. “Араван Жылуулукту камсыздоо ишканасы” муниципалдык ишканасына карамагындагы отканалардын, отказандарын капиталдык оңдоодо тышкарыдан инвестиция тартуу жагы сунушталсын.
5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин Социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин 8- чакырылышынын кезектеги 14- сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.12. 2025-жыл № 14-2 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аксакалдар соту жана аялдар кеңеши тарабынан той, маарекелерде чыгымдарды кыскартуу боюнча алып жаткан иштери жөнүндө**

С.Юсупова айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аксакалдар соту жана аялдар кеңеши тарабынан той, маарекелерде чыгымдарды кыскартуу боюнча алып жаткан иштери жөнүндө айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча башкы адиси Х. Байназарованын маалыматын угуп, сөзгө чыккан депутаттардын сунуш пикирлерин, суроо талаптарын эске алып,С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аксакалдар сотунун жана аялдар кеңеши тарабынан аткарылган иштери жөнүндө айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча башкы адиси Х.Байназарованын маалыматы эске алынсын.
2. Айыл өкмөтүнүн тургундарына тойлордо, маркумду акыркы сапарга узатуудагы чыгымдарды азайтуу боюнча айыл тургундарына түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз алып барuусу айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына, көчө жана аялдар комитеттерине тапшырылсын.
3. Кылмыштуулукту алдын алууда МАЫӨ, жер-жерлердеги коомдук уюмдар, көчө комитеттери, аялдар кеңеши жана аксакалдар соту биргеликте кылмыштуулукту алдын алуу боюнча айыл тургундарына, мектеп окууларына кеңири түшүндүрүү иштерин алып барuусу колго алынсын.
4. Айыл аймагынын айылдарындагы той маарекелери мыйзамда белгиленген тартипте 22 00дө токтотуу боюнча айыл тургундарына кеңири түшүндүрүү иштерин алып баруу айыл башчыларына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социадык-маданий жана депутаттык этика маслелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин 8- чакырылышынын кезектеги 14- сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.12. 2025-жыл № 14-3 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынын "С.Юсупова -Тазалык" муниципалдык ишканасы тарабынан райондун борборунун көчөлөрүнүн айлана чөйрөсүн тазалыгын сактоо боюнча алып барып жаткан иштери жөнүндө**

С.Юсупова айыл аймагынын "С.Юсупова-Тазалык" муниципалдык ишканасы тарабынан райондун борборунун көчөлөрүнүн айлана чөйрөсүн тазалыгын сактоо боюнча алып барып жаткан иштери жөнүндө ишкананын башкы эсепчиси Ш. Искандаровнын маалыматын угуп, жарыш сөзгө чыккан депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү мыйзамынын 27-беренесине ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. «С.Юсупова -Тазалык» муниципалдык ишканасынын райондун борборунун тазалыгын камсыз кылууда жана көрктөндүрүү, жашылдандыруу иштерин жакшыртууда жүргүзүп жаткан иштери боюнча Ш. Искандаровнын маалыматы эске алынсын.
2. Айыл өкмөтүнө:
   - ишкананын материалдык-техникалык базасын чыңдоо багытында конкреттүү чараларды көрүү жана айыл аймагынын тазалыгын дайыма көзөмөлдөп туруу;
   - райондун борборуну абат кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашыруу;
   - менчигинин түрүнө карабастан райондун борборунда жайгашкан мекеме-уюмдардын, ишканалардын айлана чөйрөсүн тазалыгын, аларга тийиштүү жерлерди жашылдандыруу, көрктөндүрүү иштерин дайыма көзөмөлгө алуу;
   - айыл башчылары өздөрүнүн аймагындагы ишкана мекемелер жана дүкөндөрдүн менчик түрүнө карабастан таштандыларын чыгарууда мыйзам чегинде «С.Юсупова-Тазалык» муниципалдык ишканасы менен келишим түзүүсүнө ар тараптуу жардам берүү жагы белгиленсин.
3. «С.Юсупова -Тазалык» муниципалдык ишканасынын башчысы М.Ризаевге :
   - ишкананын стратегиялык планын иштеп чыгып, кирешени көбөйтүү, ишкананын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кожолукка бекитилген тарифти ар тараптан изилдеп карап чыгып конкреттүү сунуштар менен айылдык кеңешке кайрылуу;
   - чарбалык эсеп менен иш жүргүзүүнү тез арада өздөштүрүү, өндүрүлбөгөн төлөмдөрдү тез арада өндүрүү жана ишкананы рентабелдүү ишканалардын катарына кошуу боюнча конкреттүү чараларды көрүү;
   - кызматкерлердин аткаруучулук тартибин, техника коопсуздугун сактоо менен бирге иштин натыйжалуулугун камсыздоодо алардын жоопкерчилигин күчөтүү,

ишкананын штатын оптималдаштыруу;

- муниципалдык менчиктеги мүлктү жана каражаттарды эффективдүү пайдалануу;
- айылдык кеңештин токтомдорун өз мөөнөтүндө жана так аткаруусу милдеттендирилсин.

4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин жер, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана «С.Юсупова – Тазалык» муниципалдык ишканасынын башчысы М.Ризаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин 8- чакырылышынын кезектеги 14- сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.12. 2025-жыл № 14-4 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4 - чейрегине карата жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин 4-чейрегине карата айыл аймагынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жана 2025-жылга индикативдик божомолуна жана 2025-жылдын 4-чейрегине жергиликтүү бюжетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн каражаттарына өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы башкы эсепчиси Р.Базарбаевдин билдирүүсүн угуп, сессияга катышкан депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-чейрегине жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын киреше бөлүгүнүн өзгөрүүлөрү №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (1-тиркеме тиркелет.)
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-чейрегине жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын чыгаша бөлүгүнүн кошумча каражаттарынын өзгөрүүлөрү №2 тиркемеге ылайык бекитилсин. (2-тиркеме тиркелет.)

3 Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы башкы эсепчиси Р.Базарбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык кеңешинин
8- чакырылышынын кезектеги
14- сессиясынын № 14-4
токтомуна
**№ 1- тиркеме**

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-чейрегинде жергиликтүү бюджетинин кирешеси, жыл башында бекитилген планга карата өзгөрүүлөрү төмөндөгүчө:**

| № | **Кирешелердин аталышы** | **Алымча (миң сом)** | **Кошумча (миң сом)** |
|---|---|---|---|
| 1 | Киреше салыгы ( подоход ) | **-** | +1175,0 |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | Бардыгы | | +1175,0 |

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык кеңешинин
8- чакырылышынын кезектеги
14- сессиясынын № 14-4
токтомуна
**№ 2- тиркеме**

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 4-чейрегинде жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын чыгаша бөлүгүнүн кошумчасы төмөндөгүчө:**

| Беренелердин аталышы | **Берене** | Алымча (-) | Кошумча **(миң сом)** (+) |
|---|---|---|---|
| Аппарат | | | |
| Ар түрдүү чыгымдар | 2215 | - | +55,0 |
| | | | |
| ТЖКЧ | | | |
| | | | |
| Чарбалык буюм сатып алуу | 2222 | - | +1040,0 |
| | | | |
| Соц жардам | | | |
| | | | |
| Соц жеңилдиктер | **2721** | - | +80,0 |
| Бардыгы: | | - | +1175,0 |

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.01.2026-жыл № 15-1 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы иштердин жалпы абалы, 2025-жылда жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы иштердин жалпы абалы, 2025-жылда жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун отчетун угуп жана талкуулап, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 6-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кенеши
**токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы иштердин жалпы абалы, 2025-жылда жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, аймакты социалдык -экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровдун отчету канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Айыл аймагында социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыз кылууда кабыл алынган иш-чаралардын аткарылышын сапаттык денгээлин жогорулатуу, айыл өкмөтүнүн башкаруучулугун өнүктүрүү, элдик демилгелерди колдоп кубаттап, айыл өкметүнүн аппаратында иштеген кызматкерлерди жоопкерчилигин күчөтүп, алардын илимий-практикалык жөндөмүнөн натыйжалуу пайдаланып, ички жана тышкы резервтерден толук пайдалануу менен айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешe бөлүгүнү толуктап, чыгаша бөлүгүндө көрсөтүлгөн чыгымдардан максаттуу пайдаланып, керексиз чыгымдарды кыскартууну камсыз кылуу айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Республикабызда алынган программаларды жана айылдык кеңеши тарабынан бекитип берилген 2024-2029-жылдарга карата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүү программасы боюнча белгиленген иштерди жандандыруу, аз камсыз болгон, колунда жок үй-бүлөлөргө даректүү жардам берип, аларды экономикалык маданий, рухий жактан өсүп-өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү айыл өкметүнө жана анын аймагында жайгашкан ишкана-мекемелердин жетекчилерине тапшырылсын.
4. Калкты азык-түлүк менен камсыздоо багытында иш алып баруу, учурдагы базар экономикасынын шартында агрардык сектордо иштеп жаткан дыйкан-фермер чарбаларына жакындан практикалык жардам берип, күнөсканаларды куруу,

айыл чарбасында жаңы жогорку түшүм берүүчү сапаттуу пахта буудайдын үрөндөрү менен камсыздоо, экинчи эгиндин аянттарын көбөйтүү, жаңыдан интенсивдүү бактарды аянттарын көбөйтүп, тамчылатып сугаруу ыкмасын колдонуу менен жылдан жылга айыл аймагынын айыл чарбасында өсүү темпин жогорултуу, инвестицияларды тартуу менен кайра иштетүүчү кичи цехтердин ишин жандандырып, жаңыларын куруу менен жаңы жумуш орундарын түзүү, өз ара жардамдашуу топторун, жамааттык уюмдардын аткарып жаткан иштерин колдоп, аларды моралдык жактан колдоп кубаттоо айыл өкмөтүнө жана айыл башчыларына жүктөлсүн.

5. 2026-жылда социалдык-экономикалык, маданий багыттарда аткаруу үчүн белгиленген иш-чаралардын өз убагында так аткарылышын камсыз кылууда, айылдарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана башка иш-чараларды жүзөгө ашырууда айыл аймагында жашаган элди мобилизациялоону мындан ары дагы жогорку денгээлге көтөрүү жагы айыл өкмөтүнө жана тийиштүү адистерине тапшырылсын.
6. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
7. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.01.2026-жыл № 15-2 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө.**

С. Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча корутундусунун негизинде айылдык кеңешинин депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат;**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевдин маалыматы эске алынсын.
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетинин жалпы көлөмү кирешелер, чыгашалар 68 млн 360 миң 700 сом менен бекитилсин. Анын бардыгы жергиликтүү бюджет экендиги белгиленсин. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинин киреше булактары жана чыгашаны каржылоого каражаттар №1, №2 тиркемеге ылайык бекитилсин . *(№1, №2-тиркеме тиркелет)*
3. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн нөөмөтчү автоунаасынын күйүүчү май каражаттарына 250,0 миң сом, кызматтагы (мектеп окуучуларыны ташуучу) кичи автобус жана унаа тетиктери каражаттарына 100,0 миң сом акча каражаты ажыратылсын.
4. Чыгымдарды каржылоо боюнча биринчи кезекте коргоого алынган беренелер боюнча (эмгек акы, социалдык фондуна чегерүүлөр, тамактануу жана жеңилдиктер) ошондой эле коммуналдык чыгымдарга каржылансын. Чыгашалардын корголгон беренелери штаттык сандагы бош оруңдарга жана нормативдик актылардын кабыл алынышына байланыштуу азайтылышы мүмкүн. Чыгашалардын корголгон беренелерин штаттык сандагы бош орундарга жана нормативдик актылардын кабыл алышына байланыштуу азайтылышы мүмкүн. Чыгашалардын корголгон беренелерин каржылоо үчүн жоопкерчилик айыл өкмөтүнүн каржы-экономика бөлүмүнө жүктөлсүн.
5. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетине 670,0 миң сом каражат жайыт пайдалануучулар бирикмесинен түшүрүү белгиленсин.
6. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн Араван, Октябрь, Эрке –Кашка, Сүтхор айылдарына 4 айыл башчысы кармалсын.
7. Айыл өкмөтүнүн атайын эсебине (спец. счет) айыл өкмөтүнүн

муниципалдык балдар бакчаларында тарбияленуучу балдардын ата-энелеринен балдарга тамак-аш үчүн кошумча **5 млн 200** жүз миң сом топтолуп түшүүсү белгиленсин.

8. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн администрациясы төмөнкүлөргө милдеттүү;

- эгерде бул айылдык бюджеттин киреше бөлүгүн азайтууга алып келбесе ушул токтомдун 1-беренесинде бекитилген суммалардын чектеринде ушул токтомдун тиркемесине өзгөртүү киргизүүгө;
- кирешелердин болжолдонгондон ашыкча түшүүлөрүн эсебинен айылдык бюджеттин чыгаша бөлүгүн көбөйтүүнү карап чыгууга;
- киргизилген өзгөртүүлөр С. Юсупова айылдык кеңеши тарабынан каралып, токтом кабыл алат.

9. Айылдык бюджетке чегерүүлөр кирешелерден алынуучу салык (подоход налог) боюнча 100%, жер казынасынан пайдалануу укугун берүү үчүн жыйын 7% жана роялти 50% өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерилсин. Патенттерден түшүүчү киреше, МФЖнин ижара акысы, кыймылсыз мүлк салыгы толугу менен 100% өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерилсин.
10. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
11. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
12. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевге, ал эми аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин каржы, экономика жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кенештин
8-чакырык 15-ессиясынын
№ 15-2 токтомуна
№1 тиркеме

2026-жылдын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджети:
1. КИРЕШЕЛЕР

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Киреше салыгы (подоходный налог) | 53198,9 |
| 2 | Патент | 1750,0 |
| 3 | Кыймылсыз мулк салыгы | **1150,0** |
| 4 | Жанаша, короо жай жана багбанчылык-тамарка мүлк салыгы | **453,8** |
| 5 | Үй тамаркалардын жер салыгы | 138,0 |
| 6 | Айыл чарбасы эмес жерлердин жер салыгы | 2870,0 |
| 7 | Ичүүчү жана техникалык суулар | 190,0 |
| 8 | МФ жерлеринин ижара акысы | 2000,0 |
| 9 | Таштандыларды ташуу боюнча төлөм | 555,0 |
| 10 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы | 5200,0 |
| 11 | Жер сатуу жана ижарага берүү (населен пункт) | 125,0 |
| 12 | Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөм | 670,0 |
| 13 | Калктуу конуштардын ичиндеги жерлеринин ижара аккысы | 60,0 |
| | Кирешелердин жыйынтыгы: | 68360,7 |

**2. ЧЫГАШАЛАР**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Айлык акысы | 13827,5 |
| 2 | Сой фонд | 1959,7 |
| 3 | Иш сапар чыгымы | 400,0 |
| 4 | Таза сууга | 1500,0 |
| 5 | Электр энергиясына жана жылуулукка | 1510,0 |
| 6 | Телефон байланышына жана интернетке | 600,0 |
| 7 | Көмүр | 4500,0 |
| 8 | Транспорт каражаты | 750,0 |
| 9 | Жабдуулар сатып алууга | 6047,2 |
| 10 | Мебель сатып алууга | 1000,0 |
| 11 | Орг техника сатып алууга | 6309,6 |
| 12 | Жеңилдик (льгота насилен) | 2500,0 |
| 13 | Тамак аш (питанияга) | 5200,0 |
| 14 | Резерв фонд | 680,0 |
| 15 | Ар түрдүү иштер жана курулуш иштерине | 18206,6 |
| 16 | Жайыт | 670,0 |
| 17 | Дем берүүчү каражат (Субсидия) | 2200,0 |
| 18 | Күзөт кызматын алуу (пр услуг охраны) | 500,0 |
| | Бардык чыгашалардын жыйынтыгы | 68360,7 |

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кенештин
8-чакырык 15-сессиясынын
№ 15-2 токтомуна
№ 2 тиркеме

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-2027-2028 жылдарга кирешелердин жана чыгашалардын планы:

## 1.Кирешелер

| | Кирешенин аталышы | 2026-ж | 2027-ж | 2028-ж |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Киреше салыгы (подоходный налог) | 53198,9 | 61658,0 | 70907,0 |
| 2 | Патент | 1750,0 | 1750,0 | 1750,0 |
| 3 | Кыймылсыз мулк салыгы | 1150,0 | 1150,0 | 1150,0 |
| 4 | Жанаша, короо жай жана багбанчылык-тамарка мүлк салыгы | 453,8 | 453,8 | 453,8 |
| 5 | Турак жайга мүлк салыгы | 138,0 | 138,0 | 138,0 |
| 6 | Юридикалык тараптардын жер салыгы | 0 | 0 | 0 |
| 7 | Айыл чарбасы эмес жерлердин жер салыгы | 2870,0 | 2870,0 | 2870,0 |
| 8 | **Ичүүчү жана техникалык суулар** | 190,0 | 190,0 | 190,0 |
| 9 | Калктуу конуштар жайгашкан жерлердин ижарасы | 60,0 | 60,0 | 60,0 |
| 10 | Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөм | 670,0 | 670,0 | 670,0 |
| 11 | МФ жерлеринин ижара акысы | 2000,0 | 2000,0 | 2000,0 |
| 12 | Таштандыларды ташуу боюнча төлөм | 555,0 | 555,0 | 555,0 |
| 13 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы | 5200,0 | 5200,0 | 5200,0 |
| 14 | Айыл чарбасы эмес жерлерди сатуу | 125,0 | 125,0 | 125,0 |
| | Кирешелердин жыйынтыгы: | 68360,7 | 76819,8 | 86068,8 |
| | | | | |

**2. ЧЫГАШАЛАР**

| | Чыгашалардын аталышы | 2026-ж | 2027-ж | 2028-ж |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аппарат | 18149,9 | 20500,0 | 22450,0 |
| 2 | Айыл чарбасы | 1805,0 | 2100,0 | 3000,0 |
| 3 | ЖКХ | 20541,9 | 23750,0 | 26268,8 |
| 4 | Маданият | 2056,9 | 2300,0 | 2800,0 |
| 5 | Билим берүү | 23307,0 | 25469,8 | 28550,0 |
| 6 | Социалдык жардам | 2500,0 | 2700,0 | 3000,0 |
| | Баардыгы: | 68360,7 | 76819,8 | 86068,8 |

**Төрага** **М.И.Мамитов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

# Т О К Т О М У

23.01.2026-жыл № 15-3 Араван айылы

## С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин кирешесинин калдыгы жөнүндө.

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин кирешесинин калдыгы 2026-жылдын 1-январына карата 4 млн 787 миң 400 сом, атайын эсептен 42,0 (кырк эки ) миң сом, бары болуп 4 млн 829 миң 400 жүз сом калдык калгандыгы жөнүндө айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевдин билдирүүсүн угуп, айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып, депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин киреше боюнча калдыгы 4 млн 829 миң 400 сом акча каражатын пайдалануусу 1- тиркемеге ылайык бекитилсин. (1-тиркеме тиркелет.)
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата киреше боюнча калдыгын пайдалануусу боюнча Каржы министрлигинин Араван райондук финансы экономика башкармалыгына смета түзүп, тапшыруу жагы айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевге жүктөлсүн.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
11. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кеңешинин
8-чакырык 15-сессиясынын
№ 15-3-токтомуна
№ 1- тиркеме

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата (2025-жылдын бюджетинен калган калдык) жергиликтүү бюджеттен калган калдыгыны жумшоо**

| № | **Беренеин аталышы** | **Берене** | **Суммасы** | |
|---|---|---|---|---|

**ЖКХ.**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Оңдоо (ремонт) чыгымдарына | 2221 | 4787,4 | |
| | | | | |

Билим берүү атайын каражат (балдар бакчасы)

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Тамак аш | 2218 | 42,0 | |
| | | | | |
| | **Бардыгы:** | | **4829,4** | |

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

# ТОКТОМУ

23.01.2026-жыл № 15-4 Араван айылы

## С.Юсупова айыл аймагындагы юридикалык жана физикалык жактардан салыктарды жана МФ жерлерине таандык, ижарага берилген жерлердин ижара акыларын жыйноонун абалы жөнүндө.

С. Юсупова айыл аймагындагы юридикалык жана физикалык жактардан салыктарды жана МФ жерлерине таандык, ижарага берилген жерлердин ижара акыларын жыйноонун абалы жөнүндө айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагындагы юридикалык жана физикалык жактардан салыктарды жана МФ жерлерине таандык, ижарага берилген жерлердин ижара акыларын жыйноонун абалы жөнүндө айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевдин маалыматы эске алынсын.
2. Айыл аймагындагы юридикалык жана физикалык тараптардан мыйзамда белгиленген салыктардын жана ижара акыларын өз убагында жыйноону камсыз кылууда МФ жерлерине ижарачылар менен түзүлгөн келишимдин негизинде ижара акыларын өндүрүүдө эл арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен бардык чараларды көрүп, айыл өкмөтүнүн киреше бөлүгүн туруктуу болушун камсыз кылып, чыгаша бөлүгүндөгү сарпталуучу каражаттарды даректүүлүгүн жөнгө салуу айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевге жүктөлсүн.
3. Айыл аймагындагы салыктарды өндүрүүдө кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен салык **көзөмөлдөөчүлөрүнө** көмөк көрсөтүү үчүн айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлерин зарыл болгон учурда пайдалануу жагы айыл өкмөтүнө сунушталсын.
4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет жана каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Базарбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.01.2026-жыл № 15-5 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынын “С.Юсупова -Тазалык” муниципалдык ишканасынын элге кызмат көрсөтүүдө муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдүн көлөмүн (баасын) бекитип берүү жөнүндө.**

С.Юсупова айыл аймагынын “С.Юсупова Тазалык” муниципалдык ишканасынын элге кызмат көрсөтүүдө муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдүн көлөмүн (баасын) бекитип берүү боюнча муниципалдык ишканасынын башчысы М .Ризаевдин билдирүүсүн угуп, айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы жана депутаттар тарабынан каралып, жарыш сөзгө чыккан депутаттардын сунуш пикирлерин эсеке алып, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынчы башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, С. Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынын “С.Юсупова Тазалык” муниципалдык ишканасынын элге кызмат көрсөтүүдө муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдүн көлөмү (баасы) №1-тиркемеге ылайык бекитилсин. (№1- тиркеме тиркелет)
2. “С.Юсупова Тазалык” муниципалдык ишканасынын элге кызмат көрсөтүүдө муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдүн көлөму (баасы) бекитилген №1 тиркемеге ылайык иш алып баруусу тапшырылсын.
3. Айыл өкмөтүнүн айыл башчыларына “С.Юсупова Тазалык” муниципалдык ишканасынын элге кызмат көрсөтүүдө муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдүн көлөму (баасы) боюнча айыл тургундарына жеткирүү жана түшүндүрүү иштерин алып баруусу тапшырылсын.
4. Ушул токтом катталсяын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын экономика,бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана “С.Юсупова Тазалык” муниципалдык ишканасынын башчысы М.Ризаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кеңешинин
8-чакырык 15-Сессиясынын
№ 15-5-токтомуна
№ 1- тиркеме

**КАТУУ ТИРИЧИЛИК КАЛДЫКТАРЫН ТАШЫП ЧЫГАРУУ ЖАНА ЖАЙГАШТЫРУУ ҮЧҮН ТҮЗҮЛГӨН ЭСЕПТӨӨЛӨРДҮН ӨЛЧӨМҮ**

| № | КТК чыгаруучу жайлар | Өлчөө бирдиги | Бир айга (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | Коомдук тамактануучу мекемелер | Бир адам отуруучу орунга | 60 |
| 2 | Нан бышыруучу жайлар, самсаканалар | Бир тандырга | 1000 |
| 3 | Керек-жарак, үй-тиричилик буюмдарын сатуучу соода түйүндөрү, дүкөндөр жана башкалар. | 1 $м^2$ соода аянтына | 83 |
| 4 | Күнүмдүк керектелүүчү азыктарды сатуучу соода түйүндөрү, дүкөндөр. | 1 $м^2$ соода аянтына | 80 |
| 5 | Базарлар | 1 $м^2$ соода аянтына | 150 |
| 6 | Сактоочу жайлар, кампалар (склад) | 1 $м^2$ соода аянтына | 80 |
| 7 | Автоунаалар токтоочу, автоунаа ондоочу жана жуучу жайлар, КМ май куюучу станциялар | 1 $м^2$ аянтына | 100 |
| 8 | Өндүрүш ишканасы (Пахта завод) | 1 адамга | 83 |
| 9 | Ооруканалар | 1 ооруулуга | 100 |
| 10 | ҮБДТ, дарыканалар, китепканалар | 1 катталуучуга | 80 |
| 11 | Мейманканалар, жана эс алуу борборлору | 1 жатуучу орунга | 100 |
| 12 | Балдар бакчалары (жеке) | 1 орунга | 50 |
| 13 | Мектептер (жеке) | 1 окуучуга | 50 |
| 14 | Атайын окуу жайы (училища) | 1 окуучуга | 70 |
| 15 | Ишканалар үчүн бир кызматкерге эсептелген баа | 1 ишчиге | 100 |
| 16 | Тейлөө тармактары (чач тарач, тигүүчү жайлар, өтүк ондоочу жайлар, хим.тазалоо, сүрөт кана, ажаткана, аба жол билеттерин сатуу кассасы ж.б.). | 1 $м^2$ аянтына | 100 |
| 17 | Мончолор жана сауналар | 1 жуунуучу орунга | 150 |
| 18 | Интернет клубтар | 1 орунга | 100 |
| 19 | Машыгуу залдары, кичи фудбол аянтчалары , дене тарбиялык клубтар | 1 орунга | 100 |

“С.Юсупова -Тазалык” муниципалдык
ишканасынын башчысы М.Ризаев.

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.01.2026-жыл № 15-6 Араван айылы

**“Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасына караштуу Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин 2026-жылга карата бюджетини жана 2026-жылдын иш-планын бекитүү жөнүндө**

“Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасына караштуу ЖПБнин 2026-жылга карата бюджетини жана 2026-жылдын иш-планын бекитүү жөнүндө ЖПБнин төрагасы Ш.Тешебаевдин билдирүүсүн угуп, 2026-жылга карата бекитилүүчү бюджети жана 2026-жылдын иш-планы менен таанышып жана талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин угуп, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасына караштуу ЖПБнин 2026-жылга карата бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.(№1 тиркеме тиркелет)
2. “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасына караштуу ЖПБнин 2026-жылга карата аткаруучу иш-планы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин. (№2 тиркеме тиркелет)
3. Жайыт жерлери үчүн жер салыгын жыйноо жана келип түшкөн каражаттарды жергиликтүү бюджетке багыттоо милдети ЖКнин төрагасы Ш.Тешебаевге жүктөлсүн.
4. Бекитилген иш-планы боюнча иш алып баруу жагы ЖКнин төрагасы Ш.Тешебаевге тапшырылсын.
5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет. реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасынын жекетчиси С.Нурдиновго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кенешинин 8-чакырылышынын
15-сессиясынын
№15-6-токтомуна
№ 1- тиркеме

**“Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасына караштуу Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин 2026-жылга карата бюджети**

Бюджеттин киреше бөлүгү

| № | Малдын түрү | Саны | Жайыт пайдалануучу үчүн 1 малдын башына төлөнүүчү (сом) | Жайыт жеринен пайдалангандыгы үчүн чогултуудан күтүлүүчү акы (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ири мүйүздүү мал (чарба) | 460 | 250 | 115000 |
| 2 | Майда жандык | 1600 | 50 | 80000 |
| 3 | Жылкы | 30 | 250 | 7500 |
| 4 | Кыйыр төлөмдөрдөн түшкөн киреше (Антена) | | | 302000 |
| 5 | Бак ижара акысы | | | 165500 |
| Күтүлүүчү кирешенин жыйынтыгы: | | | | 670000 |

Бюджеттин чыгаша бөлүгү

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Беренелер | Баары 2026-жыл үчүн | Чейректер боюнча бөлүштүрүлүшү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | I | II | III | IV |
| 1 | Айлык акы | 21111100 | 342000 | | | | |
| 2 | Ишканадан камсызданыруу үчүн төлөмдөр 17,25% | 21211100 | 34200 | | | | |
| 3 | Административдик чыгымдары | 22111200 | 300000 | | | | |
| 4 | Транспорттук чыгымдар | 22141100 | 100000 | | | | |
| 5 | Жайыттын инфраструктурасын жакшыртууга | 22156900 | 130000 | | | | |
| 6 | Жайыт жери үчүн салык | | 33800 | | | | |
| 7 | Сатуудан түшкөн салык | | - | - | - | - | - |
| 8 | Ар түрдүү чыгымдар | | - | - | - | - | - |
| 9 | Араван жайыт ассоциациясын колдоо 2% | | - | - | - | - | - |
| 10 | Бардык чыгымдар | | 670000 | | | | |

ЖПБнин төрагасы Ш.Тешебаев.

С.Юсупова айылдык
кенешинин 8-чакырылышынын
15-сессиясынын
№15-6- токтомуна
№ 2- тиркеме

“Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасына караштуу Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин 2026-жылга карата аткаруучу иш- планы

| № | Аткарылуучу иштердин аталышы | Аткаруучу | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Жогорку органдардан келген жайыттар жөнүндөгү токтом, буйрук жана каттарды мыйзам чегинде, өз мөөнөтүндө аткаруу. | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | Дайыма |
| 2 | Жайыт жерлериндеги мал жандыктарын айдап өтүүчү жолдорду сел, көчкү болуп бузулган көпүрөлөрдү калыбына келтирүү | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | Апрель, Май |
| 3 | Жайыттан пайдалануучулар менен жайыт жерлерине ижара келишимин түзүү жана жайыт билеттерин берүү | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | Май, Июнь |
| 4 | Айыл аймагындагы мал жандыктарын ар түрдүү оорулардын алдын алуу максатында айылдык ветеринардык адистер менен тыгыз байланышта иш алып баруу | Жайыт комитети Ш.Тешебаев Айылдык ветеринердык адистер | Дайыма |
| 5 | Мал жандыктарды жазгы-жайкы жайыттарга кетеринде жугуштуу ооруларга каршы эмдетүү жана мал ээлерине ветеринардык жолдонмо берүү | Жайыт комитети Ш.Тешебаев Айылдык ветеринердык адистер | Май, Июнь |
| 6 | Мал жандыктарды алыскы жайыттарга баруучу жол маршруттарын түзүү (мал жандыктарды суу, чөп, жемдер менен азыктандыруу жана эс алдырууга ыңгайлуу жерлерди тандоо) | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | Май, Июнь |
| 7 | Жайыт жерлериндеги зыяндуу жана тикенектүү чөптөрдү жок кылуу боюнча ар тараптуу иштерди алып баруу | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | 1-квартал |
| 8 | Дегедирацияга учураган жайыт жерлерин калыбына келтирүү жана жайыт чөптөрүн уругун себүү | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | 1-квартал |
| 9 | Азот жана кошумча биомасса менен байытуу аркылуу жер кыртышын күрдүүлүгүн жакшыртуу | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | 1-квартал |
| 10 | Жайыт жерлеринен пайдалануучулар менен түзүлгөн келишим негизинде ижара аккыларын өндүрүү | Жайыт комитети Ш.Тешебаев | Жыл ичинде |

ЖПБнин төрагасы Ш.Тешебаев.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.01.2026-жыл № 15-7 Араван айылы

**С.Юсупова айыл аймагынын Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан (мурдагы күнөскананын жер тилкеси) жалпы жер аянты 8,0 га болгон жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык Компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үйлөрдү курууга макулдук берүү жөнүндө**

С.Юсупова айыл аймагынын Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан (мурдагы күнөскананын жер тилкеси) жалпы жер аянты 8,0 га болгон жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык Компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үйлөрдү курдуруу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Думуровдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске улуу менен Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесин жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат;**

1. С.Юсупова айыл аймагынын Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан (мурдагы күнөскананын жер тилкеси) жалпы жер аянты 8,0 га болгон жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык Компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үйлөрдү курууга макулдук берилсин.

**2.** С.Юсупова айыл аймагынын Араван айылынын Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан (мурдагы күнөскананын жер тилкеси) жалпы жер аянты 8,0 га болгон жер тилкесине “Мамлекеттик ипотекалык Компания” ААК тарабынан көп кабаттуу үйлөрдү курууга макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен белгиленген тартипте макулдук берүү жагы тапшырылсын.

5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5 Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин Агрардык, турак-жай муниципалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Думуровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясынын

**Т О К Т О М У**

23.01.2026-жыл № 15-8 Араван айылы

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-2029-жылдарга карата социалдык–экономикалык өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө.**

С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-2029-жылдарга карата социалдык–экономикалык өнүктүрүү программасы менен айылдык кеңешинин депутаттары тарабынан таанышылып чыгып, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-2029-жылдарга карата социалдык–экономикалык өнүктүрүү программасы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (№1 тиркеме тиркелет)
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-2029-жылдарга карата социалдык–экономикалык өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш аракеттер планы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин. (№ 2 тиркеме тиркелет)
3. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн 2026-2029-жылдарга карата социалдык–экономикалык өнүктүрүү программасынын негизинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет. реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т.Дүмүровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

С.Юсупова айылдык
кеңешинин
8-чакырык 15-сессиясынын
№ 15-8-токтомуна
№ 1 тиркеме

**С.Юсупова айыл өкмөтүнүн СЭӨПнын документинин шаблону 2026-2029-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.**

С.Юсупова айыл аймагы

| **1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** | |
|---|---|
| | |
| Географиялык абалы | С.Юсупова айыл аймагы Ош облусунун чыгыш тарабындагы Араван районунун борборунда айыл жергесинде жайгашкан. Аймак чыгыштан Достук айыл аймагы менен батыштан Чек-Абад айыл аймагы менен чектешет. Айылдык аймактын борбору – Араван айылы.<br>Облустук борбордон алыстыгы 25 км. Райондун борборунан алыстыгы 1 км.<br>Айыл аймагы 1999 - ж. уюштурулган. Айыл аймагынын курамы 5(беш) айылдан турат. Каррак, Октябрь, Сүткөр, Эрке-Кашка,Араван. Айыл чарбасында негизинен дыйканчылык жана мал чарбачылыгы өнүккөн.<br><br>С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы- Дүмүров Самат Турганбаевич |
| Жалпы аянты (Га) | 15,2 км |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Айыл аймагынын негизги бөлүгү Фергана өрөөнүндө жайгашкан, деңиз деңгээлинен 600-800 метр бийиктикте. Климаты мелүүн континенттик айыл чарбасынын өнүгүшүнө таасирин тийгизбейт. Элдердин көпчүлүк бөлүгү дыйканчылык менен алектенет. Кыш мезгили 3айга созулат жана кар менен коштолот. Жай мезгили эрте келет орточо температура +25, +44 $^{o}$C чейин жетиши мүмкүн. Жайында орточо температура +31 $^{o}$C, кышында -7, -10$^{o}$C. Башка айыл аймактардан айырмаланып элдин негизги киреше булагы дыйканчылык, жана кичи өнөр-жай иштеп чыгаруу болуп саналат. |
| АА калкы (адам), аялдардын саны:_________________ анын ичинде (айылдарда): | 28678 а.и аялдар 14296 |
| Араван айылы (АА борбору) | 22502 а.и аялдар 11500 |
| Каррак айылы | 1315 а.и аялдар 640 |
| Октябрь айылы | 3243 а.и аялдар 1659 |
| Эрке-Кашка айылы | 416 а.и аялдар 221 |

| | |
|---|---|
| Суткор айылы | 522 а.и аялдар 276 |
